Макулдашылды
Кесиптик бирликтин
төрайымы________
Укубаева Э.К
«_1_» _09_ _2022_

Бекитемин
№82 жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
Исраилова А.Н_____
«_1_» _09_ _2022_

**Мугалимдин функционалдык милдеттери боюнча жобо**

1.Мугалимдин билимине коюлган жалпы талаптар:
-КР конструкциясын,билим тармагындагы закондорун, өкмөттүн токтомдорун жана башка нормативдик документтерин билүү
-Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, окуу, гигиена талаптарын, педагогика, психология негиздерин билүү
-Сабагынын методикасын, программалык талаптарын, окуу китептеринин түзүлүшүн билүү
-Окуу китептерине жана колдонулуучу окуу каражаттарына коюлган талаптарды биүү
-Педагогикалык илимдин жана билим тармагынын өнүгүү багыттарын билүү
-Эмгектин илимий уюштурулуш жолдорун билүү
-Өрт жана техника коопсуздугунун эрежелерин билүү жана сактоо

2.Милдеттери:
-мектепте колдонгон окуу программаларынын негизинде түзүлгөн расписениеге жараша бекитилген класстарда сабактарын өткөрөт жана окуу иштерин уюштурат, документациясын жүргүзөт(календардык план, сабактын планы)
-Сабагы боюнча мамлекеттик стандартка ылайык сапаттуу билим берүүгө жооптуу
-Сабак учурунда окуучулардын коопсуздугун, мектеп тартибин сакталышын көзөмөлдөйт
-Талапка ылайык тиешелүү документтерди толтуруп жүргүзөт жана өз убагында жетекчиликке отчет тапшырат
-Жетекчилик буйрутмасына ылайык ишке келбей калган мугалимдердин ордуна сабак өтөт
-Сабагы боюнча окуучуларды олимпиада, конкурстарга даярдайт
-Предметтик клуб-кружок иштерин жүргүзөт
- Мектепте жүргүзгөн иш-чараларга, конференция, семинар жана башка иштерге катышат
-График боюнча нөөмөтүн аткарат
-Талапка ылайык окуучулардын дептерлерин текшерет,билимдерине жараша баалайт,журнал жана күндөлүккө баасын түшүрөт, электрондук журналды толтурат
-Окуучулардын сабакка катышуусун көзөмөлдөйт, өз маалында ата-энелерине кабарлайт.
-Окуучулардын укуктарын сактайт
-Жүрүш-турушунда этикалык нормаларды сактайт
-Мектептин мүлкүнө аярлуу мамиле кылуу
-Мектептин уставына жана ички эрежелерине баш иет.

3.Укугу
-Сабакты өтүүдө ар кандай методторду, ыкмаларды колдонууга укуктуу
-Сабактарды керектүү жабдыктар менен камсыздоо боюнча жетекчиликке талаптар менен кайрылууга укуктуу
-өз билимин өркүндөтө алат
-Медициналык тейлөөдөн өтө алат
-Айлык акысын өз маалында алууга укуктуу
-Кыргыз Республикасынын закондорунун эмгек кодексиндеги укуктарга ээ

4.Жоопкерчилик:
-Кыргыз Республикасынын закондорунун негизинде жоопко тартылат
-(өз милдетин аткарбаганда, окуучулардын укуктарын одоно бузганда, мектептин мүлкүнө чоң зыян келтиргенде, мектептин уставын, ички тартибин бузганда)

Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner